**Нуриев Дооронбек Шамшиевичтин 12.00.01– мамлекеттин жана укуктун теориясы жана тарыхы, мамлекет жана укук жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча «Тынчтыкка жана адамзаттын коопсуздугуна каршы кылмыштар: теориялык, тарыхый жана эл аралык укуктук аспекттер» темасындагы юридика илимдеринин доктору окумуштуу даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына**

# ПИКИР

Нуриев Дооронбек Шамшиевичтин тынчтыкка жана адамзаттын коопсуздугуна каршы кылмыштар көйгөйлөрү: теориялык, тарыхый жана эл аралык укуктук аспекттер боюнча комплекстүү изилдөө жүргүзүп, юридика илимдеринин доктору илимий даражасын изденип алуу үчүн диссертациясын даярдоосун аяктады.

Тынчтыкка жана адамзаттын коопсуздугуна каршы кылмыштардын өзгөчөлүктөрү, алар дүйнөдөгү бардык өлкөлөрдүн коопсуздугуна коркунуч келтиргендигинде жатат. Анткени алар өлкөлөр ортосундагы табигый өз ара мамилелерге да, коомдун туруктуу өнүгүшүнө да кол салышат. Азыркы мезгилде «тынчтыкка жана адамзаттын коопсуздугуна каршы кылмыш» түшүнүгүнүн универсалдуу аныктамасынын көйгөйү дагы эле актуалдуу, анткени мындай укуктук категориянын ушул убакка чейин бир маанилүү аныктамасы жок. Бирдиктүү, универсалдуу аныктаманын зарылчылыгы эл аралык мамилелердин субъекттеринин арасында укуктук колдонуу, укуктук интерпретациялоо ишмердүүлүгүнүн унификациялоосу менен аныкталат.

Ааламдашуу (глобалдашуу) жана интернационалдашуу процесстери мамлекеттер аралык экономикалык, социалдык, маданий, аскердик-техникалык, укук коргоо тармагындагы байланыштарды чыңдады. Ошону менен бирге, акыркы жылдардагы терс көрүнүштөгү окуяларга, тынчтыкты жана адамзаттын коопсуздугун камсыз кылуу тутумундагы катастрофалык көйгөйлөргө байланыштуу, белгиленген чөйрөдө эл аралык мамилелердин субъекттерин бул багыттагы консолидацияланган саясатты иштеп чыгууга түртүү менен бирге, тынчтыкты жана адамзаттын коопсуздугун камсыз кылуунун бүтүндөй парадигмасын кайра карап чыгуу зарылчылыгы актуалдуу бойдон кала берээрин тастыктоодо.

Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы тармактар аралык жана комплекстүү мамилени камтыган бир түрдөгү предметтик жана бир деңгээлдүү чөйрөдө илимий маселенин чечилиши менен шартталган. Натыйжада, илимий гипотезаны чечүү көп деңгээлдүү теоретикалык - методологиялык иштеп чыгууну колдонууну божомолдойт. Бул илимий иш, Кыргыз Республикасындагы биринчи монографиялык изилдөө болуп саналат, ошондой эле бул эмгекте дисциплиналар аралык негизде тынчтыкты жана адамзаттын коопсуздугун камсыз кылуунун концептуалдык негиздерин, бул чөйрөнүн укуктук да, институттук да өнүгүү тенденциясын, тынчтыкты жана адамзаттын коопсуздугун камсыз кылуу тутумундагы «тынчтыкка жана адамзаттын коопсуздугуна каршы кылмыштар» укуктук категориясынын илимий изилдөөлөрүнүн ролу жана орду илимий жактан ачылып көрсөтүлгөн.

Нуриев Д.Ш. диссертациялык изилдөөсүн даярдоо мезгилинде изилдөөнүн социологиялык, укуктук жана эк-аралык укуктук, анын ичинде формалдык-логикалык, салыштырмалуу-укуктук, статистикалык методдорун колдонуу менен эмпирикалык материалдарды терең изилдеп, автор диссертациялык изилдөөнүн көйгөйлөрү боюнча репрезентативдик материалдардын чогулуусун камсыз кылды. Өзүнүн оюн негиздөөдө статистикалык белгилерди, эксперттердин сурамжылоосунун жыйынтыктарын, чет мамлекеттер боюнча маалыматтардын анализин, адабий булактарды колдонуу менен диссертант өзүнүн тыянактарын негиздеген.

Жалпысынан диссертант Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын талаптарына ылайык, илимий изилдөө жүргүзүү, алынган жыйынтыктардын колдонуусун камсыз кылуу, диссертациянын негизги жоболорун жарыкка чыгаруу боюнча маселелерди толук аткарды. Диссертацияда камтылган негизги корутундулар жана сунуштар Кыргыз Республикасынын УАКтын, РИНЦтин, Scopusтун рецензияланган басылмаларынын тизмесине кирген журналдарда басылып чыккан 24 илимий басылмаларда чагылдырылган.

Нуриев Д.Ш. тынчтыкка жана адамзаттын коопсуздугуна каршы кылмыштар көйгөйлөрүнө байланыштуу илимий жана практикалык суроолорду иштеп чыгууда теоретикалык ыкманы колдонуп, биздин көз карашыбыз боюнча, жаңылыкты, практикалык маанилүүлүктү жана иштин заманбап экендигин камсыз кылды.

Диссертацияда укуктук жана уюштуруучулук мүнөздөгү чараларды жакшыртуу боюнча сунуштардын болушу көңүлдү бурат, бул анын колдонулуучу мүнөзүн көрсөтөт. Диссертация жакшы теориялык деңгээлде жана жетиштүү практикалык материалда жазылган, иштин бул түрүнө коюлган талаптарга жооп берет.

Жогоруда айтылгандардын негизинде, Нуриев Д.Ш. 12.00.01– мамлекеттин жана укуктун теориясы жана тарыхы, мамлекет жана укук жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча «Тынчтыкка жана адамзаттын коопсуздугуна каршы кылмыштар: теориялык, тарыхый жана эл аралык укуктук аспекттер» деген темадагы диссертациясын, диссертациялык кеңеште андан ары талкуулоо жана жактоого мүмкүн экенин сунуштайм.

Юридика илимдеринин доктору, профессор Джоробекова А.М.

Подпись Джоробековой А.М. заверяю
Инсп. кадров Мухамбетова Н.Т.